| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТҮП РАЙОНУ<br>ТҮП АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТЮПСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ТЮПСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Түп айылдык кенешинин XXVIII-чакырылышынын XXII-сессиясынын**

**ТОКТОМУ**

**« 20 » июнь 2023 жыл №170** **Түп айылы**

**«Түп айыл аймагында кыймылсыз, кыймылдуу мүлк салыктарын киргизүү жана айыл чарба эмес жерлердин экономикалык пландоо зонасынын өзгөчөлүктөрүнө жараша зоналдык коэфициентти аныктап берүү жөнүндө»**

Кыргыз республикасынын «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу», «Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы-экономикалык негиздери жөнүндө», салык кодексинин негизинде Түп айыл аймагынын мүлк салыктарын киргизүү үчүн б. а. айыл чарба жерлери, айыл чарба багытындагы эмес жерлер, короо жай алдындагы жер салыгы жана кыймылдуу, кыймылсыз мүлк салыгы, экономикалык пландоо зонасынын өзгөчөлүктөрүнө жараша зоналдык коэфициентин аныктап берүү жөнүндө Түп айылдык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын XVII-сессиясы **токтом кылат:**

1. 2023- жылга Түп айыл аймагында айыл чарба багытындагы эмес жерлердин зоналдык коэфиценти салыктын базалык ставкасы менен 2(эки) деп бекитилсин. (салык кодексинин негизинде)

2.Түп айыл аймагында зоналдык коэфициенттин салыктык базасы калктуу конуштун ичине 1,8 деп, ал эми калктуу конуштан алысыраак жерге 1,6 деп бекитилсин (салык кодексинин №339 беренесинин негизинде)

3. 2023-жылдын 1-июлунан баштап жана 2024-2025-2026 жылдарга экономикалык пландаштыруу зоналар боюнча КЗ коеффициенти төмөндөгүчө бекитилсин: (салык кодексинин негизинде)

-Май куйуучу бекеттер-2
-Соода түйүндөрү-2
-Дарыканалар-2
-Тегирмендер жана буудай алуучу жана тазалоочу пункттар-2
-Кафелер, тамак-аш сатуучу жайлар-2
-Машина оңдоочу жана желимдөөчү жайлар-2
-Элге кызмат кылуучу жайлар, мекемелер жана башкалар-2
-Банктар, кредиттик уюмдар жана ломбарддар-2
-Базарлар-2
- Кашарлар-2

4. Бюджеттик кодекстин №48-беренесине 9-пунктуна ылайык “Калктуу конуштардын таштандыларын чыгаруу учун жыйымдын негизинде, жергиликтуу

бюджетти көтөрүү максатында Түп айыл аймагында жашаган тургундар үчүн акыр-чикир жыйноо, киши башына айына 8,34 (сегиз сом отуз төрт тыйын) башкача айтканда учетто турган киши башына 1 (бир) жылга 100 (жуз) сом өлчөмүндө коюлсун.

5. Токтомду ишке ашыруу жагы СЭБ башчысы М. Н. Абышева жана салык бөлүм башчысы Исаева Г. И. жүктөлсүн.

6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңештин бюджет боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөт башчысына милдеттендирилсин.

**Төрайым** **А.О. Орозбекова**